# ТҮРКСТАН ЭЛДЕРИНИН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КОЛОНИЯЛЫК ЭЗҮҮСҮНӨ КАРШЫ 1898–ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШҮ

**Айтбек ЖАМАНКАРАЕВ**
КРУИА, Тарых институту

Анжыян көтөрүлүшү кандай мүнөздө болгондугу жөнүндө ушул мезгилге чейин ар түрдүү көз караштар айтылып келди. Макалада бул көтөрүлүш Орто Азия элдеринин Россия падышалыгынын бийлигинен кутулуш үчүн болгон көтөрүлүшү экендигин архивдик документтердин жана тарыхый эмгектердин негизинде далилдеп көрсөтүп, ушул маселе боюнча өз оюбузду айтмакчыбыз.

Орус падышачылыгы XIX кылымдагы акыркы чейрегинде Кокон хандыгын, анын ичинде Түштүк Кыргызстанды да басып алгандан кийин бул аймакты Түркстан крайынын генерал–губернаторлугунун Фергана облусу деп жарыялайт. Облустун калкынын көпчүлүгүн түзгөн өзбек менен кыргыз жана тажиктердин орус колониялык бийлигинен кутулуу үчүн 1890–жылдарда башталган кыймылы күч алып отуруп, 1898–жылы ири көтөрүлүшкө айланган. Көтөрүлүштүн чыгыш себептеринин бири жергиликтүү калкка карата колониялык эзүүнүн барган сайын күчөшүнө байланыштуу болгон. Көтөрүлүшчүлөр алгач Анжыян шаарындагы гарнизонго кол салгандыктан бул көтөрүлүш тарыхта «Анжыян көтөрүлүшү» деп аталып калган.

Көтөрүлүшкө камылга (башкача айтканда, Анжыян чебине чабуул коюу) Анжыян, Ош, Маргылан уезддери чектешкен жердеги Миң Төбө кыштагында жүргүзүлөт. 17–майда кечки саат 7де Тажик кыштагына кеткен жолдо Асаке шаарчасынын приставы А. Еникеев 30 кишиден турган көтөрүлүшчүлөрдүн тобуна туш болот. Приставдын отряды менен кагылышуудан кийин көтөрүлүшчүлөр чегинишет. Себеби, ал 30 киши Анжыян менен Маргылан шаарларын, Асаке менен Кува кыштактарын байланыштырган телеграф зымдарынын кесип салуу үчүн атайын тапшырма менен баратышкан. Маргылан уездинин Миң Төө болуштугундагы Тажик жана Кашкар кыштактарында револьвер, кылыч менен куралданган бир нече кишиден башкасы кетмен, орок менен куралданган алты жүзгө жакын көтөрүлүшчүлөр Мухаммед–Али (Мадали) Дукчи Халфанын жетекчилигинде Анжыян шаарын көздөй бет алышат. Алардын жолундагы кыштактардан көтөрүлүшчүлөрдүн жаңы тобу, ошондой эле 200 Анжыяндык буларга кошулушат.

Чепке жакын калганда көтөрүлүшчүлөрдүн саны 2000ге жеткен, булардын жарымы атчан болушкан. Алар байрактуу топторго бөлүнүшкөн, ар бир топто 400 кишиден болгон. Ал байрактардын бир нечеси Анжыянга, калгандары Ош менен Маргыланга чабуул коюшмак эле (**Касымбеков, 1989: 50**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Анжыян шаарына чабуул коюу Мадали Эшенге, Кайып Назарга жана Магзум Зиядинге, Ошко–Оморбек датка Бекмуратовго, Маргыланга–ичкилик волостунун башчысы–Бакир Нурматовго тапшырылган болучу. Мындан башка Анжыян уездиндеги Көгарт волостунун башчысы Чыйбыл Абдылдабиев менен Атакул–пансат Ханазаровдордун жетекчилигинде Кара Көл кыштагындагы казак орус отрядына чабуул коюп, сокку ургандан кийин Анжыянды көздөй жөнөшмөк (**История Кыргызстана, 1996: 312**).

18–майда таңга маал Мадали жетектеген топ Анжыяндагы 20–Түркстан линиялык батальонунун эки ротасы турган лагерге кол салган. 22 солдатты өлтүрүшүп, 18ин жарадар кылышкан. Бирок, начар куралданган көтөрүлүшчүлөр колониялык аскерлердин жапырт аткылай баштаганына туруштук бере албай, тоо тарапты көздөй чегинүүгө мажбур болгон. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе: аскер гарнизонуна чукул кол салуу күн мурунтан пландаштырган эле. Анжыян лагерине кол салган 2000 көтөрүлүшчү Миң Төбөдөн 35 км алыскы чепке чейин келишкенин колониялык бийлик өкүлдөрү эч билишкен эмес. Көтөрүлүш жетекчилери Маргылан гарнизонуна кол салганда, ийгилик колго тийбесин туура баамдашкан. Ошондуктан, бардык күчтү Анжыян гарнизонуна багыттап, уктап жаткан солдаттарга капысынан кол салып, алардын мылтыктарын алуу максаты көздөлгөн (**Касымбеков, 1989: 51**). Бирок, Анжыян чебине жасалган чабуул анча жакшы уюштурулбаган–дыктан, ошондой эле кээ бир болуштар чыккынчылык кылгандыктан, көтөрүлүшчүлөрдүн планы бузулуп калган.

Анжыянга жапырып кирген көтөрүлүшчүлөр Анжыян, Маргылан, Ош шаарларынын жана уезддеринин Миң Төбө, Кула, Асаке, Каратепе–Чаукент, Кува, Шахрихан, Араван, Сегазы, Якатут, Ичкилик, Язяван, Ноокат, Акбуура, Булакбашы, Көгарт, Суусамыр, Кеңкол–Карагыр жана Хакент болуштуктарынын тургандары болушкан.

Ошко чабуул коюу үчүн 17–майда ноокаттык Өмөрбек датканын жетекчилиги менен түнкү саат 11де Оштон 12 км алыс Тамчы Булак деген жерге көтөрүлүшчүлөр келе баштаган. Түн ортосу болгондо бул жерге 50 киши чогулган, ичинде 300 кыргыз Кыркоол Сай, Ак Терек ж.б. жерлерден келген эле. Алар Ош шаарындагы аскер гарнизонуна чабуул коюшмак. Так ошол кезде элүүбашы Таш Ятсаиб чаап келип, көтөрүлүшчүлөр чогулган жерге Ош уездинин начальниги подполков–ник Зайцев менен шашылыш келе жатканын кабарлаган. Көтөрүлүш–чүлөр өздөрүнүн планы билинип калганын аңдашкан, алардын бир бөлүгү тарап кеткен, калганы Оштун чет жакасындагы ок–дары сакталган жерди басып алууга аракеттенишкен (**Усенбаев: 43; Касымбеков, 1989: 52; История Кыргызстана, 1996: 312**). Бул жөнүндө ошол эле күнү Фергана облусунун аскер губернаторуна телеграмма жиберилет. Көп убакыт өтпөй көтөрүлүшчүлөр башчысы Өмөрбек жана анын жардамчысы Оштон кармалган. Суусамыр болуштугунда да падышалык бийликке каршы чыгууга камынгандар кармалган. Бул көтөрүлүшчүлөр Шадыбек Шергазиевдин жетекчилигинде Наманган шаарына барышмак. Бирок, Анжыяндагы көтөрүлүшчүлөр жеңилгенин угуп, тарап кетишкен (**Кыргыз ССР тарыхы, 1973: 372–373**).

Көтөрүлүшчүлөрдөн катуу чочуп калган Фергана аскер губернатору

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

кайтадан козголоң чыкпасын деп бир нече бунтчуларды издеп таап, камакка алуу менен алек болду. Падыша өкмөтү Ферганага Түркстан крайынын ар кайсы областарынан, асыресе Семиречье (Жетисуу) облусунун да аскер күчтөрүн жиберди. Пржевальск уездинин начальниги Мына Келди деген жерден (Көгарт ашуусуна жакын) 1898–жылы 1–июнда Семиречье аскер губернаторуна жиберген телеграммасында мындай деп кабарлаган: «Көтөрүлүшчүлөр Анжыян уездине жакын жерлерде 200–300 дөн топ–топ болушуп, бийик тоолордо жашынып жүрүшөт, алар найза, союл, мылтык, пистолет менен куралданышкан. Эл болсо көтөрүлүшкө катышкандар жөнүндө эч бир билгизбейт. Аларга туугандары, жакындары тамак–аш жеткиришип турушат» (**ЦГА Республики Казахстана: 60**).

Анжыян уездиндеги көтөрүлүшчүлөрдөй эле Наманган уездинде көтөрүлүшкө катышкандар да тынчып калбай, астыртан аракет кыла беришкен. Бул «уезддин тоолуу аймактарында, маалыматтарга караганда, көптөгөн кыргыздар чогулуп жатыптыр», ал жакка Наманган уездинин начальниги жөнөп кетти» деп Фергана облусунун аскер губернатору 24–майда Петербургга телеграмма жөнөткөн (**Красный архив, 1938: 134**). Бунтчуларды биротоло талкалоо үчүн Наманган уездинин начальнигинин орунбасары менен Пржевальск уездинин начальниги 150 казак орус жана 400 жөө аскер менен жөнөгөн. 1898–жылы 10–июндан 30–августка чейин алар Кетмен Төбө менен Көгартта 129 көтөрүлүшчүнү камакка алышып, Намангандын түрмөсүнө алып барып камашкан. Алардын ичинде акын Токтогул бар эле.

Падыша өкмөтү жана Түркстан генерал–губернатору Фергана облусунун тоолуу аймактарына жана алар менен чектешкен Пишпек жана Пржевальск уездерине көтөрүлүшчүлөрдү издеп таап, камакка алыш, дегеле Анжыян көтөрүлүшүнө байланыштуу Семиречье облусундагы колониялык бийликке түпкүлүктүү элдердин мамилесин толук билиш үчүн уезддеринин начальниктери менен алардын орун басарларын, аскер кызматчыларын, жазалоочу отряддар менен кошо улам–улам жөнөтүп турушкан. Пишпек уездинин начальниги 1898–жылдын 28–майында Семиречье облусунун аскер губернаторунун жазган рапортунда мындай деп маалымдаган: «Пишпек жана Пржевальск уездеринин Фергана облусу менен чектешкен болуштуктарда жашаган тоолук кыргыздардын тынчтанышына кепил боло албайм». Ал эми 12–июнда Анжыян көтөрүлүшүнүн катышуучулары менен көбүнчө Суусамыр жана Чоро болуштуктарынын кыргыздары байланышып турган; 70ке жакын шектүү киши абакка конвой менен Ферганага жөнөтүлгөндүгүн Пишпек уездинин начальниги телеграф аркылуу кабарлаган (**ЦГА Республики Казахстана: 35, 52, 147**).

Түркстан колониялык администрациясынын рапортторунда Ферганадагы көтөрүлүшкө катышкандардын социалдык составы жөнүндө төмөндөгүлөр айтылат: күндөлүк жалданма дыйкандар (мардикерлер), өзбек жана кыргыз кедейлери, үй–жайы жоктор, майда соодагерлер, болуштар, дин кызматкерлери, Кокон хандыгынын эски даткалары жана пансаттары (**Красный архив, 1938: 149,168**). Көтөрүлүшчүлөрдүн көпчүлүгү кыргыз, жана өзбек малчы–дыйкандары болушкан. Падыша бийлиги тарабынан 775 адам камакка алынган. Аларды тергеп текшерүү үчүн Ташкенден Фергана облусуна Түркстан генерал–губернатору келип, камалгандарды бир нече топко бөлгөн; сурак Анжыян,

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Маргылан, Ош жана Наманган шаарларында жүргүзүлгөн. Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдү ырайымсыз жазалаган: 18 адам дарга асылган. Алардын ичинде көтөрүлүш жетекчиси Мадали жана анын негизги беш жардамчысы (Гаибназар Артык уулу, Субанкул Арабай уулу, Рустамбек Сатыбалдыбек уулу, Бутабай Гаипбай уулу жана Мырза хамдам Осмон уулу) бар эле (**Туркестанские ведомости, 1898: 6–июль**). 20 жылдан 215 адамды, 7 жылдан 147 адамды Сибирге сүргүнгө айдалсын деген өкүм чыгарылган. Сүргүнгө айдалгандардын 136сы кыргыз, 52си өзбек, 13ү уйгур, 4ү түрк, 3ү тажик эле (**ЦГА Республики Узбекистана: 22, 23, 50; Красный архив, 1938: 174**).

Колониялык бийлик үч кыштактын элин ата конушунан кууп чыгып, үйлөрүн өрттөп, кыштактарын тыптыйпыл кылган. Фергана облусунун калкына 300 миң сом штраф төлөткөн.

Анжыян көтөрүлүшүнөн кийин Фергана облусундагы башталган элдик кыймыл Түркстан крайынын башка аймактарына да улатылган. «Фергана–надагы көтөрүлүш башталган кезинде эле басылып ташталды, бирок көтөрүлүш ийгиликсиз бүттү жана негизги күнөөлүүлөр дарга асылса да, толкундоо жалгыз эле Фергана гана эмес, башка облустарда жана Бухарада да болуп жатат»,–деп өйдө жакка кабарлаган Түркстан генерал–губернатору (**РГИА: 26**). Анжыян көтөрүлүшүнө байланыштуу Пржевальск уездинин начальнигинин жардамчысы 1898–жылдын 15–июнда жашыруун шашылыш деп жазылган телеграммасында мындай маалымат берилген: Пржевальск уездинин түпкү эли колониялык бий–ликке кас мамиледе, кыргыздар «бийликтин күчү менен тизгинделип турат». Бирок, колониялык басым–кысымга карабай, Семиречье облусунун Жаркент жана Пржевальск уездери чектешкен жериндеги Каркыра жайлоосунда казак, кыргыздар дүрбөлөң чыгарган (**ЦГА Республики Казахстана: 148**)[1]. Ушул эле жылдын жай айларында Пишпек уездинин түпкү калкы да падыша чиновниктерине терс мамиледе экенин ошол чиновниктер туюнган. Бийликтегилер элдин дүрбөлөңү козголоңго айланбасын деп Пржевальск менен Пишпек уезддеринде Семиречье полкунан 200 казак орусту жиберишкен (**ЦГА Республики Казахстана: 128–147**). Анжыян көтөрүлүшүнөн кийин элдин козголуштары 1898–жылы Самаркан жана Сыр–Дарыя облустарында да болгон. Бул элдик кыймылынан кооптонгон генерал Корольков Самаркан облусуна «күчөтүлгөн кайтаруу киргизүү керек» деп өкмөттөн суранган.

Биз үчүн көтөрүлүш кайсы жерде болгондугу, ким жеңгендиги гана эмес, эмне себептен чыкканы маанилүү. Башкы себептер: бул жалпы Түркстан жергиликтүү элдердин экономикалык оор абалы жана саясий жактан укуктарынан чектелгени.

1898–жылы Россия өкмөтү жер салыгынан башка дагы кошумча аскер салыгын киргизген. Түркстан генерал–губернатору Духовской салык төлөө кыйын маселелерден экендигин, жергиликтүү элдерлин наразылыгы күчөп турган мезгилде жана Россия империясынын европалык бөлүгүнүн калкына караганда Түркстан элдеринен салык көп алынып жаткандыгын, ошондуктан көтөрүлүш чыгып кетпеш үчүн ушул аскер салыгын киргизүүгө

---

[1] Экстренно-секретное донесение начальника Пржевальского уезда Семиреченскому военному губернатору от 15 июня 1898 г., л.98-Телеграмма из Ташкента Семиреченскому военному губернатору от 28 июля 1898 г.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

шашылбоо керектигин аскер министрине сунуш кылган. Аскер министри А.Н. Куропаткин генерал–губернатор Духовскойдун сунушун эске алып жана башка өлкөлөрдө ушул маселени иликтеп, жыйынтыктап жазган запискасында салыктар боюнча генерал–губернатордун пикириндей жыйынтыкка келген. Министр, Түркстандын жергиликтүү элдеринен коңшу чыгыш чет өлкөлөрдүн калкына караганда салыктар көп алынып жатканын белгилеп келип: «1889–жылдагы Фергана облусундагы элдик козголуш жана орус аскерлерине кол салуу болордун алдында эле жер салыгы боюнча комиссиянын жумуштары бүткөндөн кийин, жаңы жер салыгын киргизген уезддерде болгону кокустан эмес деп ойлойм...» (**Касымбеков, 1989: 56**)–деп чындыкты жазууга мажбур болгон. Генерал–губернатор Духовской 1898–жылдын ноябрында падышанын атына жазган доклада–дында: «Түркстандан киреше алууну көбөйтүп жиберүү опурталдуу нерсе. Бул биздин ишке оңой эле зыян келтирет, чынында зыян да (1898–жылдагы Анжыян көтөрүлүшү жөнүндө айтылып жатат.–А.Ж.) келтир–ди»,–деп жазган. Докладдын мына ушул жеринин тушуна Россия падышасы «Туура» деп жазып койгон (**Касымбеков, 1989: 56**).

Анжыян көтөрүлүшү падышалыктын жогорку бийлигиндегилерди катуу чочуйуп, анын чыгыш себептерин издешкен. Негизги себеп жер жана салык маселеси деп табылган.

1898–жылдагы көтөрүлүштөн кийин падыша өкмөтү Туркстан кра–йында колониялык режимди күчөтөт: участкалык приставдардын санын үч эсе көбөйтөт, аскер гарнизондорун бекемдейт, белгилүү мөөнөткө чейин болуштарды жана элдик сотторду шайлоо токтотулат, элдин ой–пикирин, маанайын билиш үчүн жашыруун кызматтарга аскер–адми–нистрациялык чиновниктеринен тышкары граждандык кызмат–тардагы адамдарды да тартат. 1898–жылы 18–августта Семиречье аскер губер–натору уезддеги чиновниктерге, айыл чарба адистерине мындай буйрук берилген: Облустун аймагында эл арасында болгонуңарда «жергиликтүү кишилерден жүрүш–турушуна, ар түрдүү көп келечектерге, жыйын–дарга, келип кеткен инсандарга көңүл бургула. Эгерде мурункудан башкачараак болуп калганынан шек алсаңар тез арада толук баяндап жазып, конвертке салып жакшылап чаптап туруп салып жибергиле» (**ЦГА Республики Казахстана: 128–77**).

Түркстан колониялык администрациясынын мындай иш–аракеттери элдик–боштондук кыймылды токтото алган жок. Кыймыл 1899–жылы да кайра козголгон. Ушул жылдын март айында элдик кыймыл Наманган уездинин Суусамыр болуштугунда болгон. Бийликтерге каршылык көрсөт–көндөрдү 1898–жылы ондогон кишилер Сибирге сүргүнгө айдалган үч айылдын калкы колдоп чыккан. Суусамыр болуштугунда Наманган уездинин начальнигинин жардамчысы менен казак–орус–тардын бир командасы шашылып жөнөгөн. Алардын артынан Фергана облусунун аскер губернатору барган. Ал «бийликтегилерге каршылык көрсөткөндөрү үчүн» 37 адамды камакка алган. Алардын он экисин аскер көзөмөлү менен Наманган шаарына жөнөткөн, калгандарын кепилдик менен убактылуу бошоткон (**ЦГА Республики Узбекистана: 21, 26**)[2].

1899–жылы да Түркстанда Россия колонизаторлоруна каршы элдик

[2] Рапорт Ферганского военного губернатора Генерал-губернатору Туркестанского края от 7 4 1899 г.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

кыймыл Анжыян уездинде күч алган. Фергана облусунун колониялык администрациясы «өкмөт бийлигине каршылык көрсөтүшкөн», «болуштардын мыйзамга ылайык буйруктарын аткарышпаган», участкалык приставдарга жетишээрлик көңүл бурушпаган», «бийликтерди сыйлашпаган» деп Анжыян уездинин Ноокат, Жалал–Абад, Көгарт, Базар–Коргон, Кеңкол–Карагыр жана башка болуштуктарынын элдик кыймылга активдүү катышкан бир нече жүз тургунун Анжыян шаарындагы түрмөгө камаган (**ЦГА Республики Узбекистана)**.

Элдик козголуш 1899–жылы Түркстан крайынын башка облустарында да болгон. Сыр–Дарыя облусунун аскер губернатору 1899–жылы 6–апрелде берген рапортунда Олуя–Ата уездинин тургундарынын орус келгиндери менен мамилелери жөнүндө мындай деп айтылган: «1899–жылдагы көтөрүлүшкө байланыштуу келгиндер менен жер жана суу жөнүндө талаш–тартыштар азыр бат–бат эле болуп жатат. Кыргыздар (казактар, кыргыздар–А.Ж.) алардын–жер суусун келгиндер алып коюп жатышканына текши арызданып жатышат» (**ЦГА Республики Узбекистана: 1–2**). Жергиликтүү элдердин мындай наразылыктары Россия падышачылыгын колониялык ашкере эзүү саясатынын натыйжасынан келип чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, 1898–жылдагы Анжыян шаары жана анын аймагындагы боштондукка чыгуу көтөрүлүшүнөн кийин Россия падышачылыгы Түркстан крайында колониялык режимди күчөтүү чараларын көрсө да, мында тыштан келген орус колонизаторлоруна каршы элдик кыймыл жылдан жылга күч ала берген.

## АДАБИЯТТАР


**История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX века**.–Б., 1996

КАСЫМБЕКОВ К.Ф. **Андижанское восстание в 1889 г**.//История и историография национально–освободительных движений второй половины XIX–начала XX вв. В Средней Азии и Казахстане: итоги, поиски, перспективы изучения.–Т., изд–до «ФАН» Узб. ССР, 1989

**Красный архив**. т.3 (88). Москва, 1938

**Кыргыз ССР тарыхы**. 1–том.–Ф., 1973

**РГИА**. Ф. 1396,Оп. 2 Д. 1404

**Туркестанские ведомости**. 1898. 6 июля.

УСЕНБАЕВ К.У. **Об участии киргизов в Андижанском восстании** // История и историография национально–освободительных движений

**ЦГА Республики Казакстана**. Ф., И–44. Оп.1.Д.7318

**ЦГА Республики Узбекистана**. Ф., И.–723. Оп.1. Д.15


PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com